Акматалиев Ж.Т.

*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

## АЛГЫР КУШТАР – МАНАС ЭПОСУНДА БААТЫРЛЫКТЫН СИМВОЛУ

Кыргыз эли байыртадан жаратылыштагы кубулуштардын сырын жана жаныбарлардын, өсүмдөктүрдүн өзгөчөлүктөрүн эң жогорку деңгээлде өздөштүрүшкөн. Өзгөчө, жаратылыш-тагы азыктык байланыштын тутумуна жараша куш салып аңчылык кылышып, биоценоздун тең салмактуулугун сактоонун жолдорун да билишкен. Тарыхтагы маалыматтар мүнүшкөрлүк өнөр кыргыз элинде байыртадан эле өзгөчө өнүккөндүгүнөн кабар берет. Илгертеден мүнүшкөрлөр жырткыч куштарды таптап аң уулап, илбээсин алдырып келишкен. Кыргыз элинин жырткыч куштар боюнча биологиялык түшүнүгү өтө кенен. Себеби табигый мыйзамды сактоо менен алгыр куштарды таптап аң улоо – элибиздин байыркы өнөрлөрүнүн бири. Алгыр куштарды ар кандай айла-амал менен кармоочуларды (тор менен, таман тузак жана уядан алышкан) саятчы, ал эми таптап салуучуларды мүнүшкөр дейт. Аталган эки өнөрдү бирдей өздөштүргөн саятчы-мүнүшкөрлөр да көп болгон. Негизинен, кыргыз эли алгыр куштардын көптөгөн түрлөрүн таптап салышкан. Алгыр куштарды учкулдугуна, кол салуу өзгөчөлүгүнө карап эки топко бөлүшкөн:

1. Шыпырып алуучулар.

2. Тээп алуучулар.

Шыпырып алуучуларга бүркүт, куш-чүйлү, жагалмай, турумтай, кыргый кирсе, тээп алуучуларга ителги жана ылаачын кирген.

Бүркүттөрдү кыраандыгына карап «карышкырлык бүркүт» жана «түлкүлүк бүркүт» деп экиге бөлүп, ал эми түлкү ала албаган бүркүттү көпчүлүк учурда бошотуп коё беришкен. Ошондой эле кыраандыгына, көлөмүнө, учкулдугуна, өңү-түсүнө, байырлаган ареалына жараша, алгыр куштарга ар кандай мүнөз берүү менен, түрдүүчө аташкан. Маселен, бир гана түргө кирген бүркүттөрдү төмөндөгүдөй айырмалап бөлүшкөн: муз мурут, оролмо тоонун ак ийин (бийик аска-зоолордо жашоочулар), чөл бүркүт (чөлдүү аймактарды мекендешет), ак канжыга, калбыр канат (адырларды байырлашат) деп жашаган аймактарына жараша аташып, алгырлыгына жана жолуна жараша төө комдот, канжыгалуу кара кер, ур токмок, май чегир, куу чегир деп аташкан. Тарыхый маалыматтар боюнча, кадимки Мойт аке (1747-1847) Төө комдот бүркүттү таптап салган. Кыйын кездерде кийик алып, эл багыптыр. Зоодон илип түшкөн кийиктерди төөгө ком жасап жүктөп ташыгандыктан, Төө комдот аталган экен [3; 46].

Куш-чүйлүлөрдүн кыраандарын туйгун, тынар, үч ала, ителгинин кыраандарын шумкар деп аташып, алардын эң кыраандарын ак шумкар, кара шумкар, куу-кумпай, шумкар деп аташкан. Ылаачындын кыраанын шумпай дешкен.

Алгыр куштарды жаш өзгөчөлүктөрүнө жараша таптап, аң уулашып, илбээсинге салышкан. Мисалы, бозум кушту каз, өрдөккө жана коёнго салбай, кекилик чилге салышкан. Ным түлөк, кум түлөк бүркүттү карышкырга салбай аяшкан. Башкача айтканда, жашынан катуу соккуга учурап, канаттары сынып жалкотой болуп, көңүлү калбасын дешкен. Кыраан куштардын жашы (бүркүт, ителги, куш) мындайча айырмаланат; балапан бозум, ным түлөк, кум түлөк, таш түлөк, барчын, бир барчын, эки барчын деп кете берет. Алгыр куштардан бүркүт көп жашайт. Кыраандарын мыкты мүнүшкөрлөр жыйырма, отуз жылга чейин таптап салышкандыгы маалым. Негизинен, кыраан куштардын канат, куйруктары көп сынат. Мындай учурда сынган канат же куйрукка окшош канат- куйрук таап, кылдаттык менен улап, түлөгөнгө чейин салышат. Алгыр кушту

түлөтүү, тырмактарын өстүрүү, үндөккө алып таптоо боюнча ар бир мүнүшкөрдүн өзгөчө ыкмалары бар. Негизинен, мүнүшкөрлөр алгырларды таптоодо аларды кармоо (куш күйүү), үндөктөө (колго кондуруу), түлөккө отургузуу (түлөтүү), таптоо (аңга, илбесинге салууга даярдоо) салу (аңды жана илбесинди алдыруу) сыяктуу түйшүктүү жана кызыктуу учурларды башынан өткөзөт.

Деги эле кыргыз эли табиятка аяр мамиле кылышып, аң уулоонун айтылгыс мыйзамдарын сактай билишкен. Буга «убал» деген түшүнүктү кеңири пайдаланып, кайсы бир жаныбардын массалык кырылуусуна маанилүү кеп менен тоскоол болушкан. Аңчылар, мүнүшкөрлөр жаныбарлар төлдөгөн маалда аң уулоону токтотушуп, көбөйүшүнө шарт түзүшкөн. Кайберендердин каргышы тиет деп, кийиктерге аңчылык кылууда кыргын кылган эмес. Ал турсун, бул багытта тарбиялык мааниси бар турмуштук уламыш-жомокторду пайдаланышкан. Мисалы: «Кожожаш мерген», «Карагул ботом» сыяктуу көркөм чыгармаларды жаратып, элге дастан кылып ырдап жайылтышып, табиятка аяр мамиле кылууга үндөшкөн. Байыртан элибизде тотемдик түшүнүк да калыптанган. Муну «Манас» эпосундагы «Бугу эне», «Ак буура», «Алп каракуш» «Ак шумкар», «Ажыдаар», «Кумайык» жөнүндөгү зооморфтук образдар дагы далилдейт.

Ал эми алгыр куштарды таптоо өнөрүн кыргыз эли байыртан өздөштүргөндүгү жөнүндө сөз кылсак, эчен кылымдар бою элдин эсинен чыкпай сакталган «Манас» эпосуна барып такалабыз. «Манас» эпосунда аң уулап, тайган агытып, куш таптап салбуурунга чыгуу салттуу эпизоддордон. Аң уулоо адам баласынын эң байыркы кесиптеринин биринен [2; 21].

Чынында эле, эпостун үчилтигинен тең алгыр куштар жөнүндөгү окуялардын символдук маанисин байкоого болот. Эпосто атадан балага өткөн Ак шумкар катышкан окуялар өтө кызыктуу. Ошондон улам мүнүшкөрлөр сырткы келбетине, учкулдугуна, кыраандыгына карата ителги тукумунан чыккан ондон ашык шумкарды айырмалашкан. Алардын эң кырааны, ырыска шериги ак шумкар деп аталган. Шумкарлар ачууланса, бүркүттү да бир тебүү менен асмандан ала салдыра жан таслим кылгандыгына көптөгөн мүнүшкөрлөр күбө болушкан. Биз сөз кыла турган «Ак шумкар» деген түшүнүк дагы байыркы «Манас» эпосунун саптарынан кеңири кездешет. Анда Манас баатыр салып жүргөн «Ак шумкар» эрезеге жеткен Семетейге баатырлыктын, эрдиктин символу катары келип, касиет, сыйкыр алып келүүчү ыйык кушка айланат. Мисалы, Каныкей эне уулу Семетейди Таласка жөнөтүп, санаасы тынбай артынан дүрбү салып караса, Семетейге атасынын бардык колдоочулары, анын ичинде Ак шумкары дагы келгенин төмөнкүчө көрөт:

Балага кудай бериптир,

Куйругунда куту бар,

Боорунда жалгыз буту бар,

Башында жалгыз көзү бар,

Адам көргүз өзү бар,

Ошо күндө бир шумкар,

Оң ийнине конуптур.

Олуттуу султан болгонун,

Ошондо долу көрүптүр,

Көңүлү мында тыныптыр. (Багыш Сазановдун варианты, КФ, 165-инв., 190-б)

Ак шумкар баатырдын тотеми, символу экендигин Манас баатыр өлгөндө «алтын туурун талкалап, жибек боосун тытып, айды көздөй сызып» кеткендигинен жана Семетей баатыр эр жетип элине келерде үстүнөн айланып учуп, колдоочу катары сүрүнө сүр кошкон образдарынан да байкасак болот.

Элдик түшүнүктө «Ак шумкар» келечекте төрөлүүчү баатырдын төлгөсү, аяны жана белгиси катары дагы маанини билдирет. Ушул багыттан алып караганда, «Ак шумкар» таптап салгандардын өзгөчө касиети бар элдик баатырлар экендигин туябыз. Бабалардын байыркы жомогунда айтылгандай, «үзүлгөндү улаган, чачылганды жыйнаган, кулаалы таптап куш кылган, курама жыйып журт кылган» айкөл Манас баатыр акыры эр жетип, колуна ак шумкарын кондуруп, артынан ак калпак элин ээрчитип, акылман Бакай, Кошой агаларынын кебин угуп, чоролоруна берген убадасына туруп, кыргыз элинин башын бириктирип, намысын алып берип, мекенин душмандардан коргоп, жерин кеңейтет. Ошол салтты Ак шумкар таптап салган уулу Семетей да улантууга аракеттенет. Ошондуктан Манас баатырдын айкөлдүгү кыргыз элинин эсинде, жан-дүйнөсүндө миңдеген жылдар бою сакталып, улуттун уюткусун кармап келүүдө.

Алгыр куштарды жалпы сыпаттоочу «кыраан» жеген эпитет Манас баш болгон көпчүлүк баатырларга колдонулат [1; 77].

Алгыр куштардын шамдагайлыгы, учкулдугу, ылдамдыгы, бүркүттөрдүн карышкырга да токтолбой кол салышы эпосто каармандардын эрдигин, тартынбастыгын сүрөттөө үчүн кеңири колдонулат.

Мисалы:

Жагалмайдай эр Чубак,

Көкөтөйдүн Бокмурун.

Жерден эңип кетти эле,

Мааникерге мингизип,

Аман алып өттү эми. (СК, 2. 150)

Берен Сыргак кыраанын,

Ылаачын тийген таандай.

Ар жагынан бир чыгып,

Бер жагынан качырып,

Калың кытай сан колду,

Сүрүп кетип баратат. (СК, 2. 152)

Улуу эпосто казаттан кайтып келген Манас баласын алып алдынан тозуп чыккан Каныкейге төмөнкүчө кайрылат:

Алып келчи бер жакка,

Өлгөндө көргөн баламды!

Бозала туйгун болпоңду,

Алып келчи бер жакка,

Боз карчыга чолпонду! (СК, 2.223)

деп, өзүнөн калган тукум да туйгундай тунук, кыраан баатыр боло тургандыгын сезип, эрезеге жеткен убагын көрө албай калаарына арман кылат.

Байыртан алгыр куш таптаган баатырлар эгемендүүлүктүн эң ыйык идеясын мүнүшкөрлүк өнөр менен бирге өнүктүргөндүгүн белгилүү манасчы Саякбай Каралаевдин өзү мүнүшкөр болгондугунан билүүгө болот. Ошондой эле бардык манасчылар асманда эркин учкан кыраан куштарды баатырлыктын символу катары Манас баш болгон көптөгөн элдик баатырлардын эрдигин сүрөттөгө колдонуп келишет.

Адабияттар:

1. Манас энциклопедия 1-тому. – Бишкек: Кыргыз энциклопедиясынын Башкы редакциясы, «Мурас» илимий-пропагандалык ишкер долбоору, 1995.

1. Дүйшөнбиев С.С. «Манас» эпосундагы көз карандысыздык идеясы . – Б., 2008.

3. Асанбеков К. Ысык-Көлдүн жети акеси. – Каракол., 2011.